| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br><br>**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР** |

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН**
**I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 10- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 13- август № 58 — Оргочор айылы

**«Оргочор айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» 2024-жылдын 26-июлундагы № 27 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Оргочор айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон инсандарды сыйлоо тартибин жакшыртуу максатында, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Оргочор айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. «Оргочор айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» 2024-жылдын 26-июлундагы № 27 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогорудагы токтом менен бекитилген «Оргочор айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө Жобонун 3.1.-пунктунда:

1) «1ден адамга» деген сөздөр «калкынын саны 250дөн 3000ге чейин - 1, 3001ден өйдө - 2 адамга, алыскы сырт өрөөнүндөгү Ак-Шыйрак, Үч-Кошкон, Ыштык, Кара-Сай айылдарын бириктирип- 1 адамга», деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) төмөнкү редакциядагы абзац менен толкукталсын:

«Узак мезгилдер бою кызмат кылгандыгына жана өз тармагында ар тараптуу алгылыктуу иштерин балоо максатында жыл ичинде кесиптик майрамдарга карата да кеңештин чечими менен Оргочор айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» наамы ыйгарылышы мүмкүн.».

2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Токтомду юстиция органынан мамлекеттик реестрге киргизүү жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жарыялоо жагы жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Э. Тариеловага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер. Маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясы тапшырылсын.

**Төрага** — **А.Тыныбеков**